Айыл чарба
өндүрүшүнүн
алдыңкыларынын
китепканасы

А. ЖУСУПОВА

# ЖАҢЫ ЧЕКТЕРГЕ КАРАЙ

*

ФРУНЗЕ «КЫРГЫЗСТАН» 1980



А. ЖУСУПОВА

# ЖАҢЫ ЧЕКТЕРГЕ КАРАЙ

ФРУНЗЕ «КЫРГЫЗСТАН» 1980

46, 62
Ж 93

**Жусупова А.**

Ж 93 Жаңы чектерге карай Ф. — Кыргызстан, 1980.—48 б.— (Айыл чарба өндүрүшүнүн алдыңкыларынын китепканасы).

•

Бул китепчеде Базар-Коргон районундагы Фрунзе атындагы колхоздун баш чабаны А. Жусупованын иш тажрыйбасы жана өндүрүштөгү жаңылыктары баяндалат.

Ж $\frac{40706-84}{M451(27)-80}$ 107-80 3804030400

636.2
ББК 46.62

© «Кыргызстан» басмасы, 1980

## КОЙ ЧАРБАСЫ — КООМДУК БАЙЛЫК

КПСС Борбордук Комитетинин июль (1978-жыл) Пленумундагы докладында жолдош Леонид Ильич Брежнев кой чарбасын өнүктүрүүгө өзгөчө маани берип мындай деген:— «Кой чарбасынын зор резервдерине көңүлдү буруу керек. Бул тармакты өнүктүрүүдө кай бир ийгиликтер бар — малдын саны өстү жана сапаттык составы жакшырды, жүн, эчки тыбытын, кара күл көрпөсүн алуу жана сатып алуу көбөйдү. Ошондой болсо да бир катар республикалар менен областтарда кой чарбасы өтө жай өсүп жатат. Кой этин, жүндү, тондук терини алда канча көбөйтүп жана бул продукцияга өлкөнүн керектөөлөрүн толук канааттандыруу үчүн бизде бардык шарттар бар». Демек, Коммунисттик партия менен Совет өкмөтү тарабынан коюлуп олтурган чараларды ишке ашыруу — өлкөнүн бардык мал чарба кызматкерлеринин иши. Адатта адамдар эзелтен эле төрт түлүккө өзгөчө көңүл бөлүшкөн. Малга зор маани беришип, төөнү— «Ойсул ата», жылкыны — «Камбар ата», койду — «Чолпон ата», уйду — «Зеңгүү», эчкини «Шыбыр ата» деп да аташкан. Мына ушулардын өзү малдын түрүнө, касиетине, мүнө-

зүнө жана пайдалуулугуна жараша берилген элдик баа болуп эсептелет. Кой жибек жүн, семиз жана жагымдуу эт берсе, анын терисинен да сапаттуу булгаары буюмдары чыгарылары белгилүү эмеспи. Кой ушундай касиети менен айырмаланып, арзан продукция берүүчү мал болуп эсептелет.

Совет бийлигинин жылдарында коомдук малды өстүрүүгө, анын натыйжалуулугуна жетишүүдө айыл чарба өндүрүшүнүн бул тармагы илимий жактан да, практикалык жактан да зор мааниге ээ болуп келе жатат. Анын мисалдарын өндүрүштүк турмушубуздан баарыбыз өз көзүбүз менен көрүп, колубуз менен иштеп келе жатабыз. Коммунисттик партия менен Совет өкмөтүнүн камкордугуна жооп кылып, бүтүндөй республикабыз кой чарбасын өстүрүүгө адистештирилген. Чынында кой биздин күнөстүү жана тоолуу республикабызда чарбачылыктын эң кирешелүүсү болуп калды. Муну турмуш өзү биротоло далилдеди. Анын ичинде Ленин ордендүү Ош областы да малдын ушул түрүн өстүрүүгө, продуктуулугун жогорулатууга ыңгайлашкан. Албетте, областта айыл чарбасы көп тармактуу, башкасын айтпаганда да техникалык өсүмдүктөр: пахта менен тамеки республиканын түштүгүндө кеңири белгилүү. Демек, дыйканчылыктын тармагынын көп кырдуулугуна карабастан мал багууга, өзгөчө кой чарбасын өнүктүрүүгө областыбыздын климаттык шарты менен географиялык түзүлүшү өтө ыңгайлуу келет. Ошондуктан тоолуу жана күнөстүү крайыбыз деп бекеринен айтылбайт эмеспи. Демек, жергебиз мал киндиктүү, элибиз тубаса малчы деп баса эле айтууга болот. Кой эрте жаздан

элё тоо этегиндеги бөксө жайыттардан тартып, күз ортосуна чейин улам бийик жайлоолорду пайдаланууу мүмкүндүгүнө ээ. Бул болсо даярдалган тоюткорлорго болгон талапты кескин кыскартуу менен кой багып өстүрүүгө кеткен эмгекти бир кыйла жеңилдетет. Алардан алынган продукциялар арзанга түшөт. Биздеги табигый артыкчылык так ушунда турат.

Совет адамдары гүлдөгөн, ар тараптуу өнүккөн өлкөбүздө түркүн-түрдүү, көп кырдуу, биротоло туруктуу кесип ээлери болушту. Ошондой сан кесиптин бири бул — чабан болуу. Чабандык кесип ардактуу жана сыймыктуу. Анын ардактуулугу — алды менен аткарган жумушуң коомдуку, адамдар үчүн. Ошол жумуштун акыбети өлкөнүн өкүлчүлүгүн кубантат, ыраазылыкка бөлөйт, ырахатка батырат. Азыркы заманыбыздын чабандары — так ушунусу менен ардактуу жана сыймыктуу. Ал ар качандан бир качан өз ишинин натыйжасына ылайык кубаныч тартуулап, талбай да, тартынбай да эмгектенүүгө кызыктырат. Чабандын бүгүнкүсүнөн эртеңкиси, эртеңкисинен бүрсүгүнкүсү кызык. Ооба, так ошондой.

Кой менен кошо жайытка чыгасың... Мээримдүү жана жагымдуу талаа, көңүлдү көтөрүп, кыялды сергиткен таза аба, ушул асемдиктерге шайкеш келип, жайылган койго көз салып, табигат тартуулаган аземдикке батасың да, кубаныч кучагында көңүл кайыгында каалгып, сезим закымында чабыттайсың. Анан жайыттан жайытка өтүп, конуштан-конуш которуп, кой жайып, андан бетер көңүл көтөрөсүң. Жайлоонун көк кашка тунук суу-

сүт ичип, түгөнбөс черткен күүсүн угуп, аябай таасирленесиң. Жайлоо көркүнүн аземдигине маашырлана, көңүл көтөрүп, жаның жай алып, аябай сергийсиң. Чабан жайлоого барганда эмгек менен эс алууну айкалыштырып, ооба, эмгек үзүрүнүн жыргалына курчалат. Чабандык кесиптин дагы бир артыкчылыгы — так ушулардын өзү. Кой багууда тарткан түмөн түйшүгүң, сансыз кыйынчылыгың заматта жуулат да, заматта унутулат.

Ушул заманыбыз ардактаган чабандык кесипке мен жаштайыман келдим. Мына андан бери эчен айлар агылып, жылдар өттү. Ардактуу да, татаал да кесипти үзгүлтүксүз улантып келе жатканыма отуз жылдан ашты.

Оо... анда гитлердик фашизм дүйнө элдерине таңуулаган согуштун тактары кете элек жылдар. Улуу Ата Мекендик согуштан өлкөнүн батышы кыйраган болсо, биз жак турмуштун оор запкысынан жабырланып, анчамынча жарадар болуп госпиталдан кайткан жоокерлер, айыл аксакалдар, эр жетпеген уландар эске алынбаганда колхоз талааларында эмгектенгендердин көпчүлүгү аялдар, келин-кыздар эле. Ошолор жер айдап, эгин сээп, мал багып, өлкөнүн керектөөлөрүн канааттандырып турушкан. Адам канын суудай агызып, кыргынды тартуулап, баланы атадан, аялды эринен, жигитти жарынан ажыратып, калк арасында кайгы-муң таратып, эл арасын басмырттаткан учур. Бул кездеги оор кайгы кубаныч менен алмашып эңсеген жеңиш келип, адамдар жаркын күз, жарык маанай менен тынчтык эмгегине өтүшүп, Улуу Ата Мекендик согуш аяктагандын үчүнчү жылы. Бүлүнгөндү бүтөп, кемтикти толтуруп, кыйра-

ганды калыбына келтирип жаткан элек. Тынчтыктын, болгондо да бекем тынчтыктын талыкпас да, чаалыкпас да эмгеги өкүм сүргөнү менен айылда али адам күчү менен кубаттуу техника али жетишпөөчү. Өзгөчө ошол учурда колхоздор менен совхоздордо мал чарбасы кол күчүн көп талап кылып турган кез эле.

Ушундай татаал кезде колхоз башкармасына кайрылып кой багууга өтүп, чабан болуудагы оюмду чарба жетекчилерине билдирдим. Мага алар ишене беришпеди. Мен чечкиндүү түрдө өз оюмда турдум. Максат ордунан чыгып, колхоздук өндүрүшкө чабан болуп баруудагы тилек ишке ашып, арадан айлар да агылып өттү. Күз ортосу болгондо колхоздун башкармасы бир короо козуну багууга өткөрүп берди. Көрсө козуну ошол мезгилде малчылар жайлоодон кайтып, кыштоолорго келгенде бөлүшөт тура. Ошол жылы туулуп, күздө энелеринен бөлүнгөн бир короо козуну алып, байыдым да калдым. Тез эле «чабан кыз» аталдым.

Албетте, мында мен өзүм жеке болбодум. Тогуз ай толгонуп, торолтуп, бой жеткиче бооруна басып чоңойткон энем жардамга келди. Карыганына карабастан, энем оорумду колдон, жеңилимди жерден алып, күнү-түнү тикесинен-тик туруп жардамдашты. Мен колума таяк алып, козуларды жайытка жайып келем. Ал кечке короо тазалап, кечинде талаадан тоюп келген козуларды короого кийирип, баш-көз болуп турат. Колдон келишинче тоюнтуп, чыгашага учуратпай багалы дегенде энем экөөбүздүн түн уйкубуз бөлүнүп, көзүбүз төрт. Анда жаңы кесипте, кой багууда максат бийик болгону менен кол кыска болуп, өндүрүш

төгү жетишпөөчүлүк кеңири кезигүүчү. Кышкысын анча-мынча камдаган чөпту, жарыбаган жемди үнөмдөп берүү менен койду жайытка чыгарып багуучубуз. Кар оор жаап, суук катуу болгон күндө караманча отуруп да калар элек. Ошого карабастан кыштоонун күнгөй-тескейинен карды күрөктөп ачып, койго чөп жалмалатып, эптеп-септеп тоюндурууга жетишүүчүбүз.

Бул кездеги чабандык өндүрүштүн дагы бир кыйынчылыгы — зооветеринариялык адистердин жетишсиздиги болучу. Баарысын ферма башчысы өзү аткаруучу. Анын да атайын адистиги жок, жалпы өндүрүштү анча-мынча билген адам болор эле. Албетте, кийин зооветтехникалык атайын окуу жайын, анан айыл чарба институтун бүтүргөндөр бирин-серин келе башташты. Бара-бара чабандардын, жалпы эле малчылардын кеңешчиси көбөйдү. Ал кезде алды менен алыскы жайытты, анан тескей беттерди, кар жаагандан баштап күнгөйүн пайдалануучубуз. Согуштан кийинки эл чарбасын калыбына келтирүүчү жылдарында малчылардын иши ушундай кыйын болду. Алардын баарын туруктуулук, кайратмандык жана тыкандык менен жеңип, мал башын көбөйтүүдөгү мамлекеттик тапшырмаларды орундатууда бардыгын иштедик.

Бул кесипте кой багуунун көп кырдуу тажрыйбасын талбай үйрөндүм, эмгек үзүрүнө батып, кесип жыргалына бөлөндүм. Партиянын, өкмөттүн жана калктын камкордугуна алындым. Чабан болуп иштеген убагымдын ичинде көптөгөн жолу сый-сыпатта болдум. Октябрь Революциясы орденинин ээсимин. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиу-

мунун Ардак грамоталары менен сыйландым. Бир канча жолу эл депутаттарынын областтык, райондук жана селолук Советтерине депутат болуп шайландым. Элдик ишенимден артык нерсе болбосо керек. Ушулардан кийин элдик макал: «Дарак бир жерден көгөрүп, бир жерде өсөт»— дегени чындык. Ооба, чабандык кесибимдин үзүрүнө батып, сыйлуу да, ардактаган да эмгек адамы болдум. Эмгек бактысына баттым. Аны менен кошо үйлүү-жайлуу болдум , агардым-көгөрдүм. Сегиз баланын энесимин. Алардын баары эне тарбиясы менен мектептен берилген билим булагына айкалышып, коммунизм курулушунун активдүү адамдары болуп өсүштү. Буга мен сыймыктанам. Ошентип, бүт үй-бүлөбүз менен чабандык династияны түзөбүз. Ооба, аялдар коомдо да зор күч болуп калды.

Советтик аялдар — азыр бийлик органдарына шайлоочу жана шайлануучу, өндүрүштүн бардык кесибинин активдүү катышуучусу. Биздин социалисттик коомдун азыркы аялдары эң мыкты өндүрүшчү, үй-бүлөдө акылман кеңешчи, сүйүктүү жолдош, кадырман курбу, мээримдүү эне, такшалган тарбиячы, үйдүн куту, балдардын энеси, сүйүүнүн кубанычы. Ооба, биздин азыркы аялдар так ушундай.

Л. И. Брежневдин «Кичи жер», «Кайра жаралуу» жана «Дың жер» деген эскермелүү жана тарыхый чыгармаларын эске салуу өтө мүнөздүү. Аларда Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы совет элинин кайратман эрдиги, биримдиги, тилектештиги, достугу, согуштан кийин өлкөнүн эл чарбасын калыбына келтирүүдөгү чыныгы чыгармачылык эмгеги, теңдешсиз күчү менен эрктүүлүгү, өлкөнүн

айыл чарбасын бардык жактан өнүктүрүүдө дын жерлерди өздөштүрүүдөгү залкар аракети жана эмгек натыйжалары кеңири жана таасын сүрөттөлгөн. Бул улуу эмгектердин тарбиялык мааниси зор. Алар коммунизмди куруп жаткан элдер үчүн, ал үчүн күрөшүп, тынчтыктын туусун бийик көтөргөн дүйнөнүн прогрессивдүү адамдары үчүн, өзгөчө биздин жалындуу жаштарга маяк катары көрсөтмөлүү курал жана каражат болуп эсептелет. Бул чыгармалардан көптү билип, көптү үйрөнүүгө болот.

Ошондуктан мен биздин жалын жүрөк жаштарга, айрыкча айылдык уландар менен кыздарга окугула, үйрөнгүлө, кесипке машыккыла. Бул келечек жана жашоо, ал эми жашоо деген — эмгектенүү, күрөшүү болуп саналат деп көп айтам. Көп окусаң жатык да, даанышман да болосуң. Китеп — акыл досу, кеңешчи, билим кенчи. Демек, жаштар көп окуп, көптү билсе, келечеги үчүн пайдалуу экендигин эскертем.

## «КОЙ СЕМИЗИ КОЙЧУДАН»

«Семиздин туягы сегиз»,— дешет малчылар. Дегинкисин ойлонуп карасаң, жашоодон жаралып, эл оозунда айтылып жүргөн акылман сөздөр өндүрүштө күч-кубат берип, алга умтулууга шердентет тура. Мен өзүмдүн аз эмес чабандык кесибимде: «Кой семизи койчудан» жана «Мал тапкандыкы эмес, бакандыкы!»— деген элдик макалдарды көп ойлонуп, көп жолу эсиме түшүрдүм. Мындай караганда алар жөн эле айтылган, кадимки элдик сөздөрдөй

гана сезилет. Чын-чынына келгенде ушул айтылган сөздөрдүн мааниси терең, турмуштун жана жашоонун сырларын баяндаган акылман макалдар. Багуусу жарашса, ар кандай мал семиз да, жагымдуу да болот. Демек, саны да артат, продукцияны да көп берет. Багуу жагы болсо, малчынын аракетине байланыштуу. Түйшүктөнбөй, маңдай тердебей, анан кайдан максатың ишке ашып ойлогон оюң ордунан чыгат. Аракеттин аркасы — береке дегендин өзү иштөө, түйшүктөнүү калк үчүн жана өзүң үчүн пайда келтирүү дегендик эмеспи.

Чынында эле ошондой. Таңдан тартып элдин алды уйкуга кирген түнгө чейин чабан кой менен болуп, короосун караганы-караган. Артуу-артуу адырларды аралап, кокту-колотторду калтырбай, чөккөн төөлөрдөй белдерди ашып, жыйылган жүктөй катарлашкан белесжондорду басып, кой жаясың. Салкын төрлөрдү өрдөтүп, шар аккан сууну жээктеп жуушатасың. Жайыттан-жайыт которуп, улам бийиктикке, чөбү мол, өтө жагымдуу келген беттерге жайып тоюттандырасың. Адатта койдун дени таза болсун, ньк семирип, дайыма эттүү болсун десең, аларды бийик шалбалуу беттерге, салкын төрлөргө жаюу максатка ылайыктуу. Кой жаныбар ушуларга ыктуу келет. Ушулардын баары түйшүк, аракет жана эмгек эмеспи. «Чабандын иши чатак иш» деп айтылгандай чабандык кесиптин түйшүктөнүүсү көп. Нөшөрлөгөн жамгырды, ызгардуу суукту, мээ кайнаткан ысыкты билбей кой артынан калбай ээрчигени-ээрчиген.

Жыл бою семиз асыралып, ардактала багылган кой ар качан эмгек карымжыңды нак-

ма-нак кайтарат. Демек, жибек жүндү жана жайнаган төлдү арбын берет. Эти да мол болот. Кой чарбасынан коомчулуктун жана мамлекеттин күткөнү калк көп талап кылуучу ушул продукциялар эмеспи. Ошентип, койдон көп төл алынса, болочок жүндүн жана семиз эттин резерви түзүлөт. Чабандын чарчап-чаалыкканды билбей түйшүктөнүүсүнөн күткөн эмгегинин натыйжасы да ушулар. Адатта мен көп жылдык чабандык жолумда койдон жүндү да, төлдү да көп алууга боло тургандыгына толук кошулам. Бирок, ар бир тубар койдон 60—70тен, ашып кетсе 100гө чейин козу алыптыр дегенге таптакыр ишене бербеймин. Жөнөкөй эле айтканда ар соолук кантип бир жылда бир козу бербесин. Чабандык эмгектин сыры так ушунда. «Эмгегиң катуу болсо, татканың таттуу болот» демекчи, чабан бардык билгенин, бай тажрыйбасын туура багыттап эмгектенсе, анда ал төлдү да, жүндү да арбын алууга жетишет. Мына, менин айтайын дегеним чыныгы чабандык кесипти сүйсөң, демек, ар бир койду чыгашасыз, семиз асырап, төлдү жана жүндү арбын алууга жетишкин, кой чарбасын өнүктүрүүгө коюлган башкы талап ушундай.

Мен өзүмдүн көп жылдык чабандык жолумда бардык билгенимди топтогон бай тажрыйбамды бүт ушуларга жумшап, ушундай максатта эмгектендим. Мында биринчиден, короомдогу коюмдун дайыма семиз жана чыгашасыз асыралышына жетишүү үчүн аракеттендим. Андыктан колдон да, жайыттан да жакшы тоюнушуна башкы маани беремин. Кой багуудагы ушундай негизги талаптар ийгиликтүү чечилген соң, калгандарын ишке

ашыруу жагы жөндүү болот. Экинчиден, ар бир койдон төлдү жана жүндү көп алууга жетишүү үчүн жыл бою этинен түшүрбөй багуу зарыл. Мунун натыйжасы биринчи талаптын ыңгайлуу шартына жараша чечилери чабандар үчүн белгилүү. Үчүнчүдөн, өндүрүштүн натыйжалуулугуна жана жумуштун сапаттуулугуна жетишүү болуп саналат.

Коомдук койлорду багып, асыроо жумушу тапшырылгандан кийин мен ушул талаптар менен милдеттердин жетиштүү да, жеңиштүү да аткарылышына тырышамын. Чындыгында алар өз билгениме ылайык ийгиликтүү чечилип жатат деп эле кесе айтууга болот. Жалпысынан өз өндүрүшүмдүн натыйжаларын эсептегенде арбын эле сезилет. Отуз жылдан ашык чабандык жолумда колхозго 30 короодон ашык кой коштум. Ал эми ошол мен бөлүп чыгарган короолордон жыл сайын бирден короо кой бөлүнгөнүн эсепке алгандачы. Алар менен кошо ар бир короодон алынган жүндүн өзү канча дейсиз? Булар жалпы эле кой санынын өсүшү дейли. Ошол коомдук койдон алынган керектүү продукцияларчы? Мына булар чабан эмгегинин, көптөгөн түйшүгүнүн натыйжаларынын так өзү да. Буга сыймыктанууга гана болот. Биздин жөнөкөй эмгегибиздин жыйынтыгы алды менен коомго, ал аркылуу коомчулуктун өкүлдөрүнө тартууланат. Өлкөдөгү өндүрүштүк сан-түркүн кесип сыяктуу эле чабандын өндүрүшү да так ушулары менен кызыктуу.

Башкаларын эсептеп олтурбаганда мен коомдук кой өстүрүүдөгү мамлекеттик тапшырмалар менен өзүм кабыл алган милдеттенмелеримди мурдагы жылдарда да, өткөн

сегизинчи жана тогузунчу беш жылдыктарда да ар-намыстуулук менен ашыра аткарууга жетиштим. Төлдү жана жүндү көп алууда колхоздо алдыңкы катарда болдум. Өткөн тогузунчу беш жылдыкта ошол ийгиликтеримди бекемдедим. Анын бир да жылында мамлекеттик план-тапшырма аткарылбай калган жок. Булар — ак ниет эмгектин кой чарбасын өстүрүүдө көп жылдык эмгектен пайда болгон бай тажрыйбанын жыйындысы.

«Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң» демекчи КПССтин XXV съездинин тарыхый чечимдерин жана онунчу беш жылдыктын тапшырмаларын ишенимдүүлүк менен аткарууга бардык мүмкүнчүлүктөрүмдү жана топтолгон бай тажрыйбаларымды бүт арнадым. Короомдогу соолук койду багууну жана кароону дагы да жакшырттым. Андан калса малды багуу кийинки беш жылдыктардын ичинде аябай жакшырып, чабандар үчүн түзүлгөн маданий жана материалдык шарттар көп жагынан өнүктүрүлүп жатпайбы. Анын мисалын миңдеген чабандардын турмушунан көрүүгө болот. Кыштоолорго келүүчү автомашина жолдору салынган. Бул болсо кыштоого келген күндөн тартып, андан көчүп жайлоого кеткенге чейин тоюткорлорду ташып жеткирүү саат сайын, күн сайын, ай сайын толук камсыз кылынат дегендикти билдирет. Ошентип, кыш күндөрү мал тоюттан өксү болбойт. Бул бир жагы болсо, экинчиден короолорго зооветеринариялык адистердин тез-тез келип туруусун ыңгайлаштырды. Алар дайыма кыштоодон-кыштоого, короодон-короого кыдырып келип турушат. Койду көрүп, чабандар менен пикирлешип, кеп-кеңештерин беришет. Су-

нуштарын айтышат. Колдон тоюттандыруунун рациондорун белгилешет. Айтор: «Кенешип кескен бармак оорубайт» дегендей, кенкесири аңгемелешип, ойду ортого салып, кыштын ызгаардуу күндөрүндө малды чыгашасыз жана семиз асыроонун жол-жоболорун биргелешип чечебиз. Ушундай эле колхоздордон жана райондук партиялык, аткаруу комитетинин жетекчилери, айыл чарбасынын өзгөчө мал чарбасынын адистери кыштоолорго келип турушат. Бул болсо иштин жүрүшүндө орун алган кемчиликтерди жоюуга, абалды ар тараптан жакшыртууга көмөктөш болот. Алыскы кыштоолордо жана жайлоолордо жетекчилер менен мал чарба адистердин болушу малчылар үчүн өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк эмеспи. Булар менен кошо кат-кабарлардын, почталардын да бат-бат келиши андан бетер пайдалуу. Анан ушундай шарттарда иштөө кантип көңүлдүү болбосун, каалагандай ийгиликке жетишүүгө шарт түзүлбөсүн?

Чабандын көп кырдуу турмушундагы белгилей кетүүчү дагы бир өзгөчөлүк — кыштын кыйын күндөрүндө кой багуу, асыроо жагынан көп ыңгайлуулуктардын жана эң жакшы шарттардын түзүлүшү болуп эсептелет. Азыр баягы «эптеп-септеп» дегендей таш короолор жок. Бышкан кирпич менен темир-бетондон ширетилген, үстү шиферленип, типтүү салынган короо-сарайлар кыш күндөрү жылуу. Жылдын ушул кыйын, башкача айтканда малчылар үчүн сыноонун-сыноосу болгон кыш ызгаарында андай сарайларда койду колдон тоют берип, 4—5 ай багууга болот. Ал үчүн тоют да жетиштүү, анын түрлөрү да көп, жагымдуулугу да жогору. Чөп болсо майда кыр-

кылып берилет, жем болсо дайыма белен. Азыр койго берилүүчү аралаш жана умачталган жем, күкүмдөлгөн аралаш тоют өнөр жайларынан да келтирилет. Аларды колхоз өз күчү менен даярдап берүү мүмкүндүгүнө ээ. Бизде кийинки жылдарда тоют даярдоочу атайын көчмө тегирмен да пайда болду. Колхоздун инженерлери, механиктери чөп майдалоочу жана жем тартуучу агрегаттарды тракторго монтаждап коюшкан. Ошол машиналар короодон-короого кыдырып, чөптү майдалап, жемге аралаштырып, кыштоонун өзүндө эле эң сапаттуу кылып, койго берилүүчү тоютту даярдап беришет. Муну болсо чабандар «Көчмө тегирмен» деп атап алышкан. Кийинки жылдарда бооз койго жүгөрү силосун берүү да көп жагынан пайдалуу экендигин практика далилдеди. Силос бооз койдун дени таза болушун, тоют каалоосун гана жакшыртпастан, аны менен бирге төлдүн өсүп жетилишинде организмге көмөктөш болуп, өзгөчө койдун жүнүнүн өскүлөң жана бир калыпта жетилишине бирден-бир таасир этс тургандыгына биз биротоло ынандык. Ошентип, кой кыштоого келгенден баштап майда кыркылган чөп, аралаш жем, силос берилė баштайт. Бул болсо малдын чың семиришине түрткү берип, аны этинен түшүрбөйт. Бирок, малды колдон багат деген ушул экен деп койду сутка бою короодо калтыруу туура эмес болор эле, ошону үчүн мен койду күнүнө бир маал жайытка чыгарууну уюштурам. Антпесе койдун жүрөгү, ичеги карды, булчуң эти да башкача иштейт, тоют сиңирүүсү начарлап, сөөктө, жүндө физиологиялык терс көрүнүштөр пайда болот. Жайытка чыгарылганда

кой жайыла оттоп, узак басып сергийт, бул бооз койдун организмин чыңдайт. Түйүлдүктүн өсүп жетилишине зор түрткү берет. Койду колдон тоюттандырган учурларда тоюткорлордун ысырап болушуна жол бербөө үчүн атайын жасалган ыңгайлуу аштоолор пайдаланылат.

Тоюттандыруу учурунда короого кийирген жана короодон чыккан кезде алардын жөөлөшүп, түртүшүүсүнө эч качан жол бербөө керек. Анткени, андай болгондо кой бала салып, же ара тууп коюшу ыктымал.

Мен өз практикамдан билгендей, койду тоодон тик ылдый катуу айдап түшүү зыяндуу. Мындай учурда койдун чоңоюп калган түйүлдүгү аябай чайпалып, энесинин көкүрөгүнө карай жылат. Демек, мында да козу салып коюу коркунучу туулат.

Койдун организми өтө эле ар түрдүү азыктык заттарды талап кылат. Эгерде организм бул заттар менен дайыма камсыз болуп турбаса, ал өзүнүн тиричиликке тиешелүү милдетин аткара албас эле. Белоктуу заттар, витаминдер, минералдуу заттар менен камсыз болбогон кой уламдан-улам арыктайт, сөөгү морт болуп, жүнү өлүү жүнгө айланат. Кой өзүн аман сактоосу мындай турсун, ичинде козусун зорго чоңойтуп, кара желин тууп коёт. Мына ошентип, эгерде иш ушул жагына айланса, мындай койдон кандай продуктуулукту күтүүгө болот? Албетте мындай мал этти да, жүндү да, төлдү да жарытып бере албайт.

Мына ушул жерден мен койдон көп төл алууда кандайдыр бир «жашыруун сырдын» бар экендигин айта кетким келет. Менимче,

кууттан кийин орто, ортодон жогорку семиз койдун көпчүлүгү эле эгизден түйүлдүк байлайт. Ушул сыяктуу себептерден гана коюн арык баккан чабандар эч качан көп төл ала алышпайт.

Мен болсом, мындай абалга жол бербес үчүн койду бир күн да, бир саат да ачка калтырууга болбой тургандыгын өзүмө милдеттенме кылып алганмын. Бул кырдаал көбүнчө кыш мезгилине таандык. Анткени, чабан деген жылы бою сыноодо жүрсө, кыш мезгилинде өзгөчө сыноодо болот. Ачыгын айтканда, көп төл алуунун биринчи тагдыры жасалма уруктандырууда чечилсе, экинчи тагдыры жаралган түйүлдүктүн кышы бою өсүп жетилүүсүндө чечилет. Мындайча айтканда, түйүлдүк пайда болгондон козу туулганга чейинки койдун эттүүлүгүнө, козунун өсүп жетилишине таасир этүүчү факторлордун бирин айырмалап экинчи даражадагысы деп ажыратуу туура эмес болор эле. Анткени, жандуу организмге таасир этүүчү факторлордун бардыгы тең бири-биринен ажырагыс, бири-бирине түбөлүк байланыштуу болот эмеспи.

Ошентип, койду тоюттан, суудан, туздан өксү кылбай каалагандай семиздикте багуу гана керек. Мен өзүмдүн көп жылдык чабандык турмушумда койду кыш күндөрүндө семиз, эттен оодурбай багууну биринчи милдетим деп түшүнөмүн. Анткени, малдын организми кыштын суук күндөрүндө бошондойт. Демек, өз убагында керектелүүчү тоют берилбесе, суу ичпесе, туз жебесе тез эле арык-тап кетүүсү ыктымал. Буга жол коюу дегендик арбын төлдөн жана жүндөн ажыроо де-

гендик болот. Анткени, арык койдун жүнүнүн өсүмү начарлайт да, төлдүн жетилишине терс таасирин берет. Адатта бооз койдун козусу менен жүнү кыш күндөрүндө жетилет жана өсөт. Ошондуктан ушул мезгилдерде койго белоктуу, минералдык заттарга бай болгон тоюттун көбүрөөк берилиши пайдалуу. Сууну да бооз кой көп талап кылат. Туз да керек. Ушуларга байланыштуу койлорду кыштоого алып келгенден баштап, жем-чөпкө, суу-тузга өксүтпөймүн.

Айтор, үч маал колдон тоюттандырып, бир маал жайытка чыгарамын. Мында эртең менен эрте майда кыркылып, буулантылган чөп беремин. Анан кандыра сугарамын. Түшкө жакын силос аралаштырылган чөп унун, же беде берип, бир азыраак жемдеп, анан жайытка чыгарамын. Мында кар алдында ымыккан чөптү жешип тоюнушат. Аштоолордо туз болсо дайыма белен турат. Жайыттан кайткан койду короого киргизердин алдында умачталган жана гранулданган аралаш тоют менен тоюттандырамын. Жемдин жана аралаш тоюттун кечинде берилиши максатка ылайык. Анткени, жайыттан тоюп кайткан кой чөптү көп талап кылбайт. Экинчиден, кечинде жемге тойгон кой кыштын узун түндөрүндө жеген тоютун кепшеп анысын эң жакшы сиңирет. Ошентип, кыш күндөрүндөгү узак түндө кой жакшы жуушап, тоюттан өксү болбойт. Ушундай шартта багылган кой этинен оңой менен түшө койбойт. Албетте, бооз койдун кышындагы суткалык рациону орточо алганда 2 килограмм майдаланган чөптөн (силостон) жана 300—400 грамм жемден, 8—10 граммга чейин туздан турат. Ал эми бул ра-

цион койдун төлдөшүнө эки ай калгандан баштап күчөтүлөт, мында беденин, эспарцеттин чөбү менен жем берүү көбөйтүлөт. Ага кошумча минералдуу тоют: сөөк уну, бор жана фосфордуу тоюттар кошулса, андан бетер максатка ылайыктуу болот. Мындай болуунун себеби, бооз койдун түйүлдүгү барган сайын жетилип, демек, тубар койдун организми улам-улам белок менен минералдуу заттарды көбүрөөк керектейт.

Койду кеч күздө тоюттандыруунун өзүнчө бир мааниси бар экендигин белгилеп кетейин. Кеч күздө да койго кошумчалап тоют бербесе, ал бара-бара арыктай баштайт. Анткени, бул кезде жайыттын оту куурап, андан калса, жаан-чачындан жуулуп, өзүнүн сапатын начарлатат. Күзүндө койго тоютту көлөмү жагынан көп бергенибиз менен, азыктык заттары жагынан ал тоюттар койдун организминин талабын канааттандыра албайт. Ушуга байланыштуу мен бооз койго ноябрь айынын экинчи жарымынан аз-аздан жем бере баштаймын. Анан бара-бара гранулданган аралаш тоют, майдаланган чөп берүү уюштурулат. Бул учурда туз дайыма белен турат. Ошентип, кыш башталары менен короомдогу кой үч маал кыркылган чөп жейт. Андан кийин суу ичет. Бооз койду эч качан ачкарын сугарууга жарабайт. Кой короодо түн бою жуушап жатканда бир жагы организм, экинчи жактан короодогу жылуулук бооз койдун сууга талабын арттырат эмеспи. Ошондуктан кой эртең менен ачка болсо да сууга умтулат. Андан калса аштоолордо белен турган туздан алар аз-аздан жейт. Бул да сууга болгон талапты күчөтөт. Ошого карабастан бооз

койду дайыма эртең менен эрте чөпкө тоюттандыргандан кийин гана сугаруу керек. Мен көбүнчө тоюнган койду агын суудан сугарам. Ошондон ары жайытка чыгат. Күн суук, же кар жааган күндөрү болсо, ташылып келинген сууну ичирем. Түшкүсүн да кыркылган чөпкө жем аралаштырып беремин. Шартына жараша андан кийин да жайытка чыгарамын.

## ЖАЙЛООНУН КӨРКҮ МАЛ МЕНЕН

Адатта арзан жана көп продукция алууну самасаң, койду жайлоодо багууну жакшылап уюштургун. Ошол жайлоодо гана болочок арбын жүн, көп төл алууга негиз түзүлөт. Анткени, кой жаныбар, ал тургай жалпы эле мал жайлоодо семиртилет. Биздин шартта кой жылдын сегиз-тогуз айын толук жайытта өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ошонун үч-төрт айы негизинен жайлоо шартына таандык. Мына ушунун баары жайдын толуп турган учурунда, анан коңур күздүн башталышында болот эмеспи. Ушул мүмкүнчүлүктөрдү туура жана толук пайдалануу менен койду жеткире нык семиртүү керек. Буга жайлоодо толук мүмкүнчүлүк жана шарт түзүлөт. Себеби жайлоонун салкын абасы, тунук көк кашка суусу, жетилген көп түркүн жагымдуу чөбү койдун жакшы семиришине мүмкүндүк берет. Ошону үчүн, жайлоодо кой жаюуну туура уюштуруу гана керек. Биздин колхоздун кою негизинен Күмүш жайлоосуна чыгарылат. Ушул жайлоого келген күндөн тартып, ар бир жайытты ирети менен тилке-тилкеге бөлүп, сарамжалдуу пайдаланууга тырышамын.

Мында биринчиден, бир эле конушту сары журт кылып отура берүүгө, анан бир эле тилкенин жайытын узак убакка пайдалана берүүгө жол коюуга жарабайт. Кой жаныбар оозу менен да, буту менен да оттойт эмеспи. Демейде, бир тилке жайыттын чөбү ашып кетсе бир жумага, же он күнгө араң чыдайт. Демек, ошол жайытты 8—10 күн пайдалангандан соң дароо конуш которуп, жаңы жайыттын отун жедирүү керек. Ошентип, жайлоодо бат-бат конуш которуу — бул койдун ойдогудай семиришине шарт түзүү, жайлоонун чөбүн үнөмдөө дегендик болот. Буга мен өзгөчө маани беремин. Ошондо да койду алды менен эртелеп күнгөй бетке, күн көтөрүлүп ысый баштаганда тескей бетке жаюуну уюштурамын. Мындай болгондо кой жакшы оттойт, аны менен бирге чөп шүүдүрүмдүү келип жегиликтүү болот. Түшкө жакын күн бир кыйла ысыгандан баштап, салкын төргө, суу жээктете, же болбосо мөңгүлүү бетти этектете жуушатууга өткөрөмүн. Койдун эркин жайылып, салкында жуушатылышы жеген тоюттарынын аш болумдуулугун арттырат.

Ушул маанилүү талаптарды көп убактыларда айрым чабандар, ал тургай малчылар майда-чүйдө иш катары карашып, көңүл бөлүшпөй да коюшат. Мындан алар уттурушат. Мал деген мал да. Өзгөчө кой жаныбар көп жагынан ыкшоо келет. Ушундай мүнөзү менен ал жайытта жайылып, оттоодо ыкшоолук кылып, жатып алмай адаты болот. Демек, анын жакшы тоюнбай калуусу мүмкүн. Ошондуктан койду жаткырбай жаюуну уюштуруу максатка ылайыктуу. Мындай болгондо алардын нык семиришин гана камсыз кылган бо-

лосун. Койду өрдөтө ыңгайлуу беттерге ирети менен жайылуусуна жетишүү керек. Албетте, кой үчүн жайлоонун кыска чөптүү жерлерин, тактап айтканда бетегелүү, көбүргөндүү айдөш беттерди, пайдалануу максатка ылайык келет. Ушундай жайыт кой үчүн өтө ыңгайлуу, чөбү болсо, жагымдуу келет. Узун чөптүү жайыт кой үчүн анча ылайык эмес. Албетте адатта жайлоого келгенде кой өзү оттоп, өзү тоюнат деп көңүл бөлбөй коюуга да жарабайт. Андыктан аларды жайытка айдап чыгып, кең канат жайылып оттоосун уюштуруу керек. Ушул учурларда туздан өксү кылбоону унутуп коюуга да болбойт. Жайлоодо туздан өксү болгон кой кыштоого жеткенче эле арыктай баштайт. Биз чабандар жайлаган Күмүш жайлоосунда мен кеминде 6—7 жолу конуш которуп, ошончо тилкедеги жайытты пайдаланамын. Жайлоонун дагы бир артыкчылыгы 3—4 күн эле мал тийбесе, кайрадан чөбү жетилип калат. Демек, кайталап мал жаюуга болот. Азыр чарбаларда төрт түлүк мал көбөйдү. Алар жыл сайын жайлоого чыгарылат. Баягы эле белгилүү жайыттарга жайылат. Анда оозу менен оттосо, буту менен тебелеп, туягы менен жайытты эзип, жабырлантып жатышпайбы. Ошентип, жайыт чөбү жыл сайын начарлап баратпайбы. Андыктан ошол жайлоого көп жылдык чөптүн уругун сээп, бул ишти колго алуу — учурдагы башкы талап. Антпесе, жайлообуз жыл өткөн сайын начарлай бермекчи.

Жайлоонун мал үчүн касиети жалаң гана аны семиртүүдө эмес, андан арзан эт алууда турат. Кой үчүн бул биринчи болсо экинчиден, жайлоодо болгон койдун чыбаштуулугу ар-

тып, анысы жүндү майлап, аны абдан серпилгич кылат, мындай жүн сынбайт, үзүлбөйт. Үчүнчүдөн, жайлоонун көк шибери жүндүн тез өсүп жетилишине биологиялык стимулятор катары кызмат аткарат. Төртүнчүдөн, жайлоодо нык семирген кой күүгө жакшы келип, кууттан тез жана сапаттуу өтөт. Демек, жайлоо дегенибиз, келечекте арзан эттин алынышынын, төл менен жүндүн арбын алынышынын алгачкы булагы болуп саналат. Ал эми жайлоо көрбөгөн мал, жайлоодогу малдай азыктык заттардын көп түрү менен өзүн камсыз кыла албайт эмеспи. Ошентип кышкы туут койду августтун экинчи жарымында, эрте жазда төлдөөчү койду октябрде, же ноябрдин биринчи он күндүгүндө кууттан өткөрүү зооветеринариялык талаптарга ылайык келет. Кышкы туутка өткөрүлгөн койдун эгиздүү болушунун себебин алардын семиз убагында жасалма уруктандыруудан өткөндүгү менен түшүндүрүү керек. Ошентип, кийинки жылдарда эрте жазда төлдөөчү койду кууттан алып 4—5 күн мурда эле беде аңыздарына жаюунун, же көк тоютка шыкоонун мааниси да дал ушунда турат. Мындай болгондо койдун күүгө келиши тездейт, аны менен кошо организмде өзүнчө жагдайлар түзүлөт.

Ушул жерде айта кетүүчү дагы бир нерсе, тубар койдун эгизчил болушунун себептери жогоруда белгиленген шарттар менен да баса мүнөздөлсө, аны менен кошо койдун тукум куучулук мүнөзүн да эске алууга тийишпиз. Буларга таянып, соолуктарды токтулар менен толуктаган учурда ургаачы эгиз козуларды жана эгиздин түгөйлөрүн тандоо жагына зор

маани берүү керек. Албетте, эгизчил койдун токтусу да дайыма эле эгизчил болот деп кесе айтууга болбойт. Бирок, эгизчил койдун эгиз козуларынан түзүлгөн тубар кой короолорунда эгиз төлдүн көп алынып жаткандыгын практикада көрүп келе жатабыз. Төлдү көп алуунун дагы бир шарты жасалма уруктандыруу экендиги азыр жалпыга белгилүү. Бул учурда экстерьери, жүндүүлүгү, тирүүлөй салмагы, тукумчулдугу боюнча сыноо баллына жооп бере алган куут кочкорлор куут пунктуна калтырылат да, алардын уругунун сапаты ар кыл сыноодон өтөт. Маселен, уругу коюу, кыймылдуу кочкорлор гана куут пунктунда калтырылып, алардын уругу менен нечен жүздөгөн кой жасалма уруктандырылат. Мындай учурда урук аркылуу койго ылаң жугат, же начар төл алынат деп эч шектенбесек да болот, анткени, ал кочкорлор ар кыл сыноодон өтпөдүбү.

## ӨНДҮРҮШТҮК НАТЫЙЖАЛАР

Тактап айтканда, өткөн беш жылдыкта чабандык аракетимдин, өндүрүштүк ишимдин натыйжалары айтарлык арбын болду. Мандай тердетип, бардык күчүмдү багыттап, тагылган коомдук жумушту ак ниетиң менен аткарсаң, анын үзүрү да, жыйынтыгы да ар качандан бир качан натыйжалуу жана сүйүнүчтүү болот. Бул эзелтен эле турмушта биротоло далилденген. Албетте, аткарган жумушуң — жеңиштүү болсо, ийгиликтүү аяктаса, адамга кубаныч тартуулайт. Менин өткөн тогузунчу

беш жылдыктагы аткарган чабандык жумушумдагы эмгек натыйжаларымдын жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду:

Тогузунчу беш жылдыктын биринчи жылы —1971-жылда короомдо 464 тубар кой бар эле. Чабандык бүт тажрыйбам жана күч-аракетим койду чыгашасыз жана семиз асыроого багытталды. Ушул жылдарда чабандар үчүн эң мыкты материалдык шарттар түзүлүп калган болучу. Чынында коомдук койду кыш мезгилинде асыроо жана багуу чабандан эки эселеген жоопкерчиликти жана өндүрүштүк тыкандыкты талап кыларын турмуш да, кесиптин өзү да талап кылат. Көп жылдык тажрыйба биротоло далилдегендей чабандын жыл бою жетишүүчү өндүрүштүк болочок ийгилиги дайыма кыш күндөрүндө түзүлөт. Кышта семиз асыралган кой чыйрак жана эгиз козуну арбын тууй тургандыгы өндүрүштүк тажрыйбадан белгилүү.

Чабандык көп жылдык ишимде короомдогу койдун кыш күндөрүндө да жайлоодон кайткандагыдай семиз асыралышына өзгөчө маани беремин. Бул үчүн зоовстеринариялык эрежеге ылайык дайыма колдон кошумча тоюттандырууну уюштурамын. Албетте, кышкы катуу суук күндөрү, кар оор түшкөн учурларда койду жайытка жаюу пайдасыз. Анткени, мындан кой тез арыктайт, төлдү жана жүндү арбын алууга терс таасирин тийгизет. Мындай болгондо чабан арбын төлдөн ажырайт. Чынында койду өз учуру менен кышкы жайытка чыгаруу тап-такыр жараксыз деп айтуудан мен алысмын. Себеби, соолук койду айрыкча алар бооз кезде мезгил-мезгили менен жайытка чыгаруу керек экендиги чабандык таж-

рыйбадан маалым. Таза абада болгон койдун организми чыңдалат, жүндүн жана төлдүн өсүшү күчөйт. Ошондуктан кыш күндөрү койду багууну жалпы зооветеринариялык талапка ылайык туура уюштуруу — башкы талап. Бул алды менен короодо топтолгон тоюткордун жетиштүүлүгүнө, сапаттуулугуна жана ар түрдүүлүгүнө байланыштуу болот. Аны менен кошо ошол тоюттарды малга алдын-ала даярдап берүү жагы да чечүүчү мааниге ээ. Ушул талаптарга ылайык мал чарба фермаларында кийинки жылдарда көп ыңгайлуулуктар жана тийиштүү шарттар түзүлдү, түзүлүп жатат.

Мында жыл сайын биздин колхоздо керектелүүчү тоюткорлордун мал башына эсептегенде жетиштүү запасынын камдалышына жетишилет. Алардын сапаты да жогору жана түрлөрү да көп. Алсак, кой кыштатылуучу короолорго кыркылып таңгакталган чөп эрте күздөн эле жеткирилет. Витаминдүү чөп уну да белен. Алар менен кошо гранулданган аралаш тоют, майда кыркылган чөп, силос, концентраттык тоют берилет. Ушул тоюттарды аралаштырылган жана буулантылган түрүндө койго берүү уюштурулат. Күнүнө ушундай жагымдуу да, пайдалуу да тоюттар менен үч маал өз убагында тоюттандырылган кой кышта семиз багылат. Семиз койдун төлү да, жүнү да жакшы жетилип, тез чоңоёт. Так ушуларга таянуу менен мен коомдук койду төл эсебинен көбөйтүүгө жана жүндү арбын кыркып алууга жетишип келе жатамын. Мына алардын айкын-ачык мисалдары:

1971-жылы короомдогу койдун бир да башын чыгашага учуратпай семиз асырадым. Натыйжада аларды эрте жазда төлдөтүүнү

уюштуруп, ар жүз тубарынан 118ден төл алдым. Козуларды сакмандык ыкма менен асырап, энесинен бөлгөнгө чейин дээрлик чыгашасыз өстүрдүм. Кыркылып алынган жүн ар бир койго орточо 4,1 килограммдан айланды. Бул милдеттенмедегиден бир кыйла жогору эле. Чабандык кесиптин эң жоопту учурларынын бири кыш айлары болсо, экинчиси кой төлдөтүү убагы болуп эсептелет. Бардык эле чабандар сыяктуу мен кой төлдөтүүнү жыл бою кой багуудагы аткарылган жумуштардын жыйынтыгы катары баалаймын. Чынында ошондой эмеспи. Тубар кой этти көбөйтүүдөгү резервдердин бири экендигин да эстен чыгарууга жарабайт. Жалпылап эсептегенде бир кой бир жылда эгиз козу берди дейлик. Демек, ал кой өзү ошол жылы 3—4 килограмм жүн берет. Алардан алынган кышкы козулар ошол эле жылы күзгү кыркында бир жарым килограммдан жүн берет. Эгерде бул козулар тез семиртилип, 35—40 килограммдан салмакта эткс өткөрүлсө, анда бир кой бир жылда 4,5—5 килограмм жүн, 35—40 килограмм эт берет. Бул эң сонун резерв эмеспи.

Мен жогору жакта сакмандык ыкма жөнүндө белгилеп кеттим. Чабандык өндүрүш өркүндөп, улам өргө карай өнүккөн сайын пайдалуу жана тыянактуу тажрыйбалар көп колдонулуп жатканы кубантат. Кой төлдөтүүнү өткөрүүдөгү жоопту учурда чабандын оюн ордунан чыгарып, колун узартып, түйшүктү бөлүштүрүүгө сакманчылар жардамга келишет. Ар бир сакманга төлдөгөн кой менен кошо 40—50дөн козу бекитилип, алар сакмандын карамагында 40—45 күн бою асыралат. Кой төлдөтүү учурунда төлдөгөн койду, алын-

ган төлдү асырап-багууну ушундай уюштуруу коомдук койду өстүрүүдө жана алардын продуктуулугун жогорулатууда өзүнүн оң натыйжасын берип келе жатат. Менин короомдо кой төлдөтүүгө ылайыкташтырылган төлкана бар. Ал ар тараптан жылууланып, сакманчыларга шартташтырылып атайын клеткаларга бөлүнгөн. Андагы козулар ирденүү өзгөчөлүгүнө карата бул клеткаларда бөлөк-бөлөк багылат. Жаш козуларды отуктурууда минералдуу тоюттар, чөп уну, майда кыркылган чөп, көбүнчө көк беде пайдаланылат. Булар менен кошо дары-дармектердин да болушуна жетишилет. Ушуга байланыштуу жаш төлдү сакмандык ыкма менен багууга өткөн кийинки 10—15 жылдан бери менин короомдо алынган төлдүн ыксыз чыгымга учурашы дээрлик кыскарды. Бул бир жагы болсо, экинчиден, сакмандык ыкма менен өстүрүлгөн жаш козулардын жетилишине, болочок продуктуулугунун артышына да эң жакшы мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Акырында, алар тез ирденип, бул тажрыйба өзүн актады жана барган сайын пайдалуу болуп бара жатат.

Сакмандык ыкманы өнүктүрүүдө бул ишке айыл-кыштак жаштарын — комсомолецтерди тартуу, алардын катарынан сакмандык бригадаларды уюштуруу кийинки жылдарда кеңири кулач жайды. Ошентип бизде жыл сайын жүздөн ашык уландар менен кыздар сакманда иштешет. Албетте, бул чаралар кой төлдөтүүнү өз учурунда өткөрүүгө гана мүмкүндүк келтирбестен, мал чарба фермаларында малчы, чабан, саанчы жана башка адистерден болуп иштөөгө жаштардын кызыгууларын арттырып, алардын болочок малчы бо-

луудагы ички сезимдерин ойготууда. Мына ушуга байланыштуу жаштардын көптөгөн катарларынан фермаларда, комплекстерде жана «Живпром» бирикмелеринде иштеп жатышкан улан-кыздардан түзүлгөн бригдалар менен звенолордун көбөйүп жатышы бекеринен эмес. Албетте, мындан ары да бул ишти өркүндөтүү мал чарба адистеринин жана чарба жетекчилеринин көңүлүндө болууга тийиш.

Койду өз төлүнүн эсебинен көбөйтүүдөгү аракетим кийинки жылдарда дагы бир кыйла дурус болду. Тогузунчу беш жылдыктын экинчи — 1972-жылы короомдогу 400 баш соолукту чыгашасыз жана семиз асырадым. Анын натыйжасы да жакшы деп айтарлык. Алынган төл жүз тубарга 144төн айланды. Ар бир соолуктан 4,1 килограммдан жүн кыркып алдым. Булар кабыл алынган жылдык милдеттенмеден алда канча ашык болучу. Албетте, аткарган жумушуңдун натыйжасы жогору болуп турса, ишке ынтызардыгың арта берет экен. Менин да өндүрүштүк турмушумда так ушундай болду. Бүт күчүм, өндүрүштүк тажрыйбам койду семиз жана чыгашасыз асыроого багытталды. Ал үчүн койду көктөм убагында багууга өзгөчө маани бердим. Анткени, зооветеринариялык илим да, элдик тажрыйба да эрте жаздагы ырaңдуу көк ·майса чөп малга эң пайдалуу экендигин далилдейт. Анда минералдуу заттардын көп болушу малды тез чыйралтып, организминин бекемделишине, жүнүнүн өсүшүнө жана чыбаштуу болушуна бир кыйла жардам берет. Ошентип, 1973-жылы да төл берүүнү мурдакы жылдардагыдан ашырдым. Ушул жылы короомдогу 500 тубар койдун ар жүзүнөн 148ден козу, ар бир кой-

дон 4,2 килограммдан жүн кыркып алдым. Демек, берген убадам бул жылы да ар-намыстуулук менен аткарылды.

Ошол тогузунчу беш жылдыктын кийинки эки жылында — 4-жана 5-жылдарында жетишкен өндүрүштүк ийгиликтерим менен эмгек натыйжам да бир кыйла жакшы болду. Мында да короомдогу койду күндөлүк талаптардын деңгээлинде багып, эмгек жеңиштерине жетиштим. Натыйжада төл менен жүн алуудагы социалисттик милдеттенмелерим ашыгы менен аткарылып, 1974-жылы 421 койдун ар жүзүнөн 151ден козу өстүрдүм. Анын кийинки жылы эле ошол койлордон алынган төл жүз тубарга 159дан айланды. Кыркылып алынган жүн бул эки жылда орточо ар бир койго 4—4,5 килограммдан кемиген жок. Ошентип, бул беш жылдыкта койдон төл жана жүн алуудагы өндүрүштүк ийгиликтерим дябай арбын болду. Натыйжада тогузунчу беш жылдыктын жылдарында орточо ар бир жылда жүз тубар койдон 140тан козу өстүрүп, ар бир койдон 4,3 килограммдан жүн кыркып алдым. Бул беш жылдыкта өздүк жекече тапшырмамды төрт жылда ашыра аткарууга жетиштим.

Өндүрүштү өркүндөтүүдө жана кабыл алган социалисттик милдеттенмелерди ашыра аткарууда КПСС Борбордук Комитетинин, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ Борбордук Комитетинин калкка кайрылган катына жооп кылып, онунчу беш жылдыктын биринчи жылында оторумдагы 350 соолуктун ар жүзүнөн 149дан, кийинки жылы 161ден төл алып өстүрдүм. 1978-жылы токту багып алардын ар жүзүнөн 110дон козу

алдым. Онунчу беш жылдыктын төртүнчү жылында короомдогу 380 соолуктун ар жүзүнөн алган козум 142ден айланды. Ошентип, орточо ар бир жылы тубар койдун ар жүз тубарынан 148ден козу, 4,2 килограммдан жибек жүн кыркып алууга жетишүү менен онунчу беш жылдыктын өздүк жекече тапшырмасын мөөнөтүнөн мурда ашыгы менен орундатууга жетиштим. Албетте, бул жыйынтыктар өзүнөн-өзү келе калган жок, алар биринчи иретте койду зооветеринариялык талаптардын деңгээлинде багуунун натыйжасы болуп саналат. Албетте, иштеген ишиң ийгиликтүү болсо, натыйжасына ар качандан бир качан кубанычка батасың, бул — калк үчүн иштеген жупуну эмгегиң. Эмгек — адам канаты, жашоонун булагы. Эргип эмгектенсең, аны эл баалайт, эмгекчилди калк кадырлайт. Мен мындан ары да бүт күчүмдү, бай тажрыйбамды коомдук койду өстүрүүгө арнай бермекчимин.

Өндүрүштүк ушул жупуну жетишкендигим Коммунисттик партия менен Совет өкмөтү тарабынан да жогору бааланды. Октябрь революциясы ордени менен сыйландым. Бул менин эмгектик демиме-дем кошуп, эргип иштөөгө канат болду. Ал эми чабандын эмгеги, жетишкендиктери да чарбада өз учурунда бааланбай калбайт эмеспи. Койдун жалпы башынын 96—98 процентин жыл бою чыгашасыз асыроого жетишип, алынган төлдү энелеринен бөлгөнгө чейин аман асырагандыгы үчүн да жылдын жыйынтыгы боюнча чабанга кошумча акы төлөнөт. Мына ушулар да чабандын татаал эмгегин жогору баалагандык жана өндүрүштүк жаңы ийгиликтерге шыктандыргандыктын өзү. Ошентип, чабандар жылдын

жыйынтыгына жумушчу коллективдериндей эле он үчүнчү айлык акы алышат. Бул алардын эпкиндүү эмгегинин натыйжасы болсо, аны менен кошо эмгекке кызыктыруунун экономикалык стимулу болуп да эсептелет.

Албетте, жогоруда белгиленген өндүрүштө жетишкен ушундай ийгиликтерим мен үчүн чек эмес. Анткени, чабандык турмуш ар тараптуу жакшырып, өндүрүш өлчөмсүз өнүгүп, бай тажрыйбалар топтолуп, өлкөдө айыл чарба илими өркүндөп, анын ичинде зооветеринариялык илим да барган сайын өсүп, калыптанып жатпайбы. Демек, чабан катары мен да мындан да жогору өндүрүштүк ийгиликтерди жаратууга дайыма дилгирленем. Бир жагынан буга мамлекеттик жогорку сыйлыктар шердентсе, экинчи жактан көрүлүп жаткан коомдук камкордуктар шыктандырат. Мындан ары да эки эселеген кайрат менен, кечегиден бүгүн, бүгүнкүдөн эртең эпкиндүү эмгектенүүгө ушул камкордуктар бардык жактан өндүрүшүмдө өрнөк, жалпы ишимде канат болот. Дагы да жогорку ийгиликтер үчүн, зор көрсөткүчтөрдү жаратууга аракеттене беремин. Ага шарт да, жалпы мүмкүнчүлүктөр да бар.

Өзүм жетишкен ушул өндүрүштүк ийгиликтерди жаратууда биздин мал чарба адистерибиз менен кой-товар фермасынын кызматкерлеринин кошкон салымдары салмактуу деп эсептеймин. Мен жогору жакта белгилегендей азыр колхоздордо жана совхоздордо иштеген мал чарба адистери жогорку билимдүү, өндүрүштө такшалган тажрыйбалуу адамдар болуп калышы да айыл чарба өндүрүшүнүн бул тармагын ар тараптуу өнүктүрүүгө көп жагынан себеп болуп жаткандыгы КПСС Борбор-

дук Комитетинин июль (1978-жыл) Пленумунда баса белгиленгенин ушул жерде эске салуу жөндүү болот: Мына анын мисалын биздин колхоздун мал чарба өндүрүшүнөн эле көрүүгө болот. Колхоздун башкы зоотехниги болуп иштеген Шамши Токторбаевди мен иним катары эсептеймин. Аны чабандар гана эмес, бүт малчы: саанчы, жылкычы кадырлашат. Айыл чарба институтун бүтүргөн жогорку билимдүү, өндүрүштө такшалган тажрыйбалуу адис. Ушул эле биздин чарбада үзгүлтүксүз иштегенине жыйырма жылдан ашты. Азыр ал ар бир чабандын, жалпы эле малчынын кеңешчиси, устаты жана насаатчысы катары бааланат. Коомдук малды талаптагыдай багып өстүрүүдө малчынын күндөлүк жардамы менен алардын жан дүйнөсүнө кирип, ой-пикири менен эсептешип, «ийри отуруп, түз масктешип» дегендей иш жүргүзөт. Малчыларга жардам көрсөтүүдө, күндөлүк аткарган иштерине контролдук кылууда ага кыш да, жай да, күн да, түн да, ысык да, алыс да, жакын да бирдей сезилип жайыттарда жана кыштоолордо малчылар арасында болот. Анын келишин алар да чыдамсыздык менен күтүшөт. «Биздин зоотехник» деп коюшат.

Болбосо колхоздун башкы ветеринариялык врачы Сиражидин Пахировду алалы. Мына эми кийинки он жылдан бери чарбанын башкы жана негизги адиси. Көрсөтүлгөн ишенимди жогорку деңгээлде аткаруунун аракетинде болуп, аны ишенимдүүлүк менен аткарып келе жатат. Коомдук малды чыгашасыз асыроодо малчылардын кеңешчиси. Ал жазында жана күзүндө ар түрдүү ылаңдардын алдын алуу боюнча дарылоо иштерин уюштурат.

Чабандар арасында ветеринариялык талаптарга арналган ангемелерди өткөрөт. Айрым пайда болуучу ыландардын алдын-алуу жөнүндө да кеңешип турат. Чабандардын гигиенасын, короолордо тазалыктын сакталышына такай контролдук кылат. Малды дарылоо сантехниктер, осеминаторлор менен бирге ветеринариялык чараларды көрөт. Короолордо ветаптечканын болушун камсыз кылат. Башкы ветеринар катары аны да малчылар арасында күндө болбосо да күн алыс, абдан кечиксе жума сайын эки жолудан кезиктирүүгө болот. Бизде осеминатор болуп Сапар Абдылдаев да он жылдан ашык убакыттан бери үзгүлтүксүз иштеп келе жатат. Өз ишин билген жана аны жалпы талаптын деңгээлинде чын ыкласы менен аткарган неме. Койдон көп төл алууда анын сиңирген эмгеги да басымдуу. Биздин колхоздогу эки кой-товар фермасы менен эки уй-товар фермасында иштеген 4 ферма башчысынын экөөнүн жогорку жана экөөнүн атайын адистиктеги орто билими бар. Алар алган билимдеринин карымжысын кайтарышып, мал чарбасын өнүктүрүүдө бардык билимдерин арноо менен малчыларга күндөлүк баш-көз болуп эмгектенип жатышат.

Ушулардын таасири жана чабандардын астында колхоздо коомдук койдун саны 20 миңге жетти. Анын теңине жакыны тубар кой. Колхоз болсо ар жүз тубарга орточо 103—105-тен козу алууда. Албетте, чарбабыз негизинен пахтачылыкка адистештирилгенин эске алганда коомдук койдун мындай өнүгүшү бир кыйла жакшы жана толук алымсындырарлык деп айтууга болот. Ал эми кой чарбасы пахтачылыктын кийинки кирешелүү тармак экендигин

эске алганыбызда аны мындан ары өстүрүү жана продуктуулугун жогорулатуу жагы өнүктүрүлмөкчү. Бул жагынан биз — чабандардын алдында али олуттуу жана жоoптуу милдеттер тургандыгын унутпайбыз.

Бул болсо кабыл алынган социалисттик милдеттенмелерди ар-намыстуулук менен аткарууга байланыштуу. Муну биз чабандар ар дайым жоoптуу жана ардактуу милдет катары баалайбыз. «Убада бердиңби — аны аткар!», «Мамлекеттик планды орундатуу — бул закон, кабыл алынган милдеттенмени ашыра аткаруу — ар-намыс!» Мен мында көп төл жана арбын жибек жүндүн алынышына жетишүү жөнүндө айтып жатамын. Чабандын өндүрүшүнүн натыйжасы, аткарган жумушунун сапаты ушулар менен бааланат жана өлчөнөт. Демек, көп төл алуу — бул койдун башын өстүрүүнүн, жибек жүндүн көп болушунун башкы резерви. Муну унутууга жарабайт. Мында чабандардын кеңешчиси да, жол көрсөтүүчүсү да, мал чарба адистери иштиктүү өндүрүштүк тажрыйба боло тургандыгы талашсыз. Биздин күндөлүк аткарып жаткан иштерибиздин сыры так ушулар болуп эсептелет.

Бирок, төлдү жана жүндү көп алуу менен эле чектелип калуу туура болбос анткени, онунчу беш жылдык сапаттуулуктун жылы болгондуктан, мында жүндүн канча алынгандыгына гана эмес, анын сапатына да зор маани берүүгө тийишпиз. Практика жүзүндө бир койдун жүнү таза, экинчи койдуку шакмарлуу болушу мүмкүн. Мына ушунун сыңарындай эле кайсы бир чабан кир жүндү жалпысынан экинчи бир чабандан көп алганы ме-

нен таза жүндү (жуулгандан кийин) аз алып калышы мүмкүн.

Албетте, кыркын убагында кир жүндүн гана салмагы эсепке алынып, ошол көрсөткүч боюнча чабандарга баа берилип жүрөт, ал эми таза жүндү ким көп, ким аз алгандыгын биз кийинчерээк — жүн лабораториялык талдоодон өткөндөн кийин билип жүрөбүз. Эгерде жүндүн тазалыгын аныктоочу колхоздун өзүнүн лабораториясы болсо, анда биз, таза жүндүн чыгышын дароо билет элек.

Мындан тышкары, кыркын убагында жүн кыркуунун зоотехникалык эрежеси сакталбаган күндөр да болот. Алсак, уяң жүндүү койдун короосун кыркып бүткөндөн кийин, жарым уяң жүндүү койду же жүнү ала-була койду кыркa беришет, же болбосо короодогу койду шыйрактан алып, жер менен сүйрөп келип кыркышат. Мына ушундан кийин жүндүн сапаты жөнүндө эмне айтууга болот, же болбосо кыркуу алдында чабан коюн суу бойлотуп жайып жүрөт, жүн болсо нымды өзүнө бат тартат, таразага тартканда мындай койдон жүн көп алынгандай, ал эми ал кургагандан кийинчи? Албетте, кургап эрежеге ылайык нымдуулугун сактагандан кийин бул койдун жүнү салмагын жоготпой койбойт.

Жүндүн сапатын сактоонун жашырын бир сыры бар. Аны болсо бардык эле чабандар билишет, бирок бардыгы эле ага тиешелүү маани берип, бирдей аткарышпайт. Бул сырдын түйүнү мына мындай. Кандайдыр бир себеп менен короодогу кой үч күн ачка болуп калды дейли. Мына ушул үч күн акыр түбү жүндүн түбүнө жетет. Ачка болгон койдун жүнү демейдегиден ичкерет, үзүлчөөк боло баштайт

же өлүү жүнгө, башкача айтканда түбүнөн бошогон кылга айланат. Ал эми ушундай койдон сапаттуу жана арбын жүн алууга болобу? Албетте болбойт. Ошентип, чабандын 12 айдан берки эмгегинин көбү үч күндүн ичинде текке кетет.

Мына ушулар менен бирге ар бир чабан жүндүн тармалдуулугуна, серпилгичтигине, чыбаштуулугуна, чыйрактыгына, жылтылдап турушуна, чоюлгучтугуна, узундугуна, ичкежоондугуна зор маани берүүгө тийиш. Анткени, улам кийинки муунда жүнү жогоркудай касиетке ээ болгон койду короодо калтырып, башкаларын этке төктүрүп туруу — чабандын көп милдеттеринин бири эмеспи. Бул учурда чабан зоотехникалык иштин бир түрүн — тандоо ишин аткарса, экинчи жагынан өзүнүн короосундагы койдун сапатын жакшыртат.

Мына ушундан кийин өзүнөн-өзү эле кандай жүн жакшы болот деген суроо туулат. Биз мурда эле билгендей жүндүн узундугу анын табигый жана чыныгы узундугу болуп экиге бөлүнөт. Маселен, койдун бир тал жүнүн алалы, анын бүткүл узуну боюнча ийри-буйрусу бар. Эми ушул бир тал жүндүн ийри-буйрусун жазбай туруп, анын узундугун өлчөйлү жана узундугу 6,5 см. болду дейли. Ал эми ошол эле бир тал жүндү чоюп туруп, анын узундугун өлчөгөндө анын узундугу эки эсеге көбөйүп 13 см болмокчу. Демек, дал мына ушундай жүн жакшы болот. Мындайча айтканда жүндүн табигый узундугунан анын чыныгы узундугу эки эсе ашып турган жүн сапаттуу жүн болуп саналат.

Мына, мен ошентип, зоотехника илиминде койдун жүнү менен анын төлүнө тиешелүү ма-

селелердин бардыгын билгим келет жана аны иш жүзүндө колдонгум келет. Тилекке жараша мен иш чараларын эчактан бери өзүмдүн кичине өндүрүшүмдө колдонуп келе жатам жана башка чабандарга да ушундай ийгиликти кош колдоп тартуу кылгым келет.

## БИЗДИН ЧАБАНДЫК ДИНАСТИЯ

Ушунча жыл туруктуулук менен чабан болуп иштөө аял кишиге, же анын жеке өзүнө оорчулук туудуруп, кыйын эле болгон чыгар деген ойлор да туулушу мүмкүн. Мындай ой-пикир менен өзүм да келишким келет. Сууктун ысыгы, оордун жеңили, кемчиликтин ийгилиги болот демекчи чабандык татаал, бирок ардактуу кесиптин кыйын күндөрүн жеңип, оор учурларга чечкиндүүлүк менен карап, туруктуулукту көрсөтүүгө туура келди. Ошол өтө кыйын жана оор күндөр эми алыс калды. Коомдук койду өстүрүп, продуктуулугун ар тараптуу арттырууда шарт жакшырды, негизги база түзүлдү. Эң негизгиси өндүрүштүк тажрыйба артты. Коомдук койду өстүрүп санын да, сапатын да жогорулатууда мен өзүм жеке болгон жокмун. Өмүрлүк шеригим Тургуналынын өмүрү кыска экен биз баш кошкондон жыйырма жылга жетпей эле жарык дүйнө менен кош айтышты. Уулдарым жана кыздарым болуп сегиз балам менен колхоздун коомдук коюн багып, чабандык кесипти улантууга туура келди. Коомчулуктун иши менен бирге, үй-бүлөнүн, өзгөчө балдарды тарбиялоонун түйшүгү — эки бирдей жоопкерчилик өзүмө жүктөлдү. Балдарым айылдык орто мектептен билим алуу менен кошо, бош убактыларында колкабыштык көрсөтүшүп, оорумду колдон

жеңилимди жерден алышты. Мал менен аралашып чоңоюшкандыктан, алар бир кыйла малсаак болуп өсүштү. Мектептен кайткандан кийин короо-сарайларды иретке келтиришип, койго берилүүчү тоюткорлорду белендешип, жардамга келишти, өндүрүштө өбөк, жумушта жөлөк болушуп, кой багууда колу-бутумду узартып, эң сонун жардамчылардан болуп өсүштү. Айылдык орто мектепти бүтүрүп чыгары менен өндүрүштө чабандык кесипте калды. Өзүм менен бирге бир короо койдун өтөсүнөн чыгып, өзүм менен кошо үч жыл бирге иштеди.

Малчынын түйшүгүнө каныгып, ишине машыгып, такшалгандан кийин өзүнчө чабан болуп иштөөгө өттү. Мына, андан бери бир топ жыл болду. Колхоздон бөлдүрүп алган шишектерди багып, жыл сайын жибек жүн алууда алдыда. Ошол ириктерди алты жыл багып, жетилткенден кийин онунчу беш жылдыктын үчүнчү жылында аларды жайлоодо семиртип, ар биринин тирүүлөй салмагын орточо 60—65 килограммдан мамлекетке, баш семиздикте этке өткөрдү. Бул жылдардын ичинде ириктердин ар биринен жыл сайын орточо 4,3—4,6 килограммдан жүн кыркып алып турду. Ооба, эми уулум Айты — колхоздогу жана райондогу такшалган, өз ишине жоопкерчилик менен караган чабандардын бири.

Андан кийинки, экинчи уулум — Абакир Тургуналиев да эртели-кеч чабандык өндүрүшкө кол кабыштык көрсөтүү менен айылдык орто мектептен билим алды. Жайкы каникул учурунда бирге болуп, жайлоодо кой жайып, биз менен таламдаш чоңойду. Орто мектепти ийгиликтүү бүтүрүп чыгары менен

бир жыл өзүмдө жардамчы болуп иштеген соң, Советтик Армиянын катарына чакырылды. Анда граждандык милдетин ийгиликтүү өтөп келди. Армиядан келгенден кийин да жардамчы болуп иштеди. Эми, ал — өзүнчө колхоздук бир короо койдун ээси. Өзүнчө чабан болуп, онунчу беш жылдыктын экинчи жылынан бери жециштүү да, үзүрдүү да эмгектенип жатат. Уулум Абакир да чабандык кесипти сүйгөн, ага ар качандан бир качан тырышчаактык менен караган, көзөмөл да, кужүрмөн да жаштардын бири. Ушул кесибин өркүндөтүп, коомдук койду өз төлүнүн эсебинен көбөйтүп, продуктуулугун арттырууда өз салымын талыкпай кошот деген бекем ишеничтемин. Анысына Абакирдин өзүнчө чабан болуп иштегендиги, өндүрүштүк ийгиликтери мени ынандырууда. Өзү баккан ириктеринен бир да башты бөөдө чыгымга учураткан жок. Алардын жакшы семиришине жетишүү менен жетилишин да камсыз кылып келе жатат. Мунун өзү көп эт жана берекелүү жибек жүн дегендик болот. Буга, ал өзүнүн чабандык жолунда жаш жана жаңы экендигине карабастан, тырышчаактыгынын, кужүрмөн эмгегинин аркасында гана жетише алды. Аз да болсо ушундай жупуну эмгек ийгиликтери, анын келечегинен көп нерсени үмүттөндүрөт. Жакшы нерсе алды менен аз-аздан ургаалдуу башталып, анан купулга толорлук, көзгө токтомдуу жыйындыга айланат эмеспи. Абакир уулум да келечекте уятка калтырбай тургандыгында зор ишеним бар.

Уулум Төлөн да чабандык кесипке өттү. Ал да өзүм менен бирге кой багууда кол кабыштык көрсөтүп, жардамчы чабан катары эмгектенип жүргөн эле. Айылдык мектепти

бүтөөрү менен аскердик милдетин өтөдү. Анан дагы бир жылча менин оторумда жардамдашты. Эми өзүнчө бир короо кой алып, коомдук койду өз бетинче — өз күчү менен зооветеринариялык талаптын деңгээлинде чыгашасыз асырап, семиз багып келе жатат. Төлөн уулума дагы энелик ишенимим жогору. Ал агаларындай мээнеткеч, түйшүкчүл жана тырышчаак. Иш дегенде ичкенин жерге коёт. Жумуш дегенде эт-бетинен кетип, эмгек кылууга дайыма элпек. Өтө малсаак, ошондон уламбы, чарчап-чаалыгууну билбей өз учурунда койду жайытка чыгарып, же колдон жем-чөп берип, жакшы тоюнушуна, демек, нык семиришине ар качан камкордук көрөт. Эч качан жем-чөптөн, туз-суудан өксү кылбай, семиз асыроонун аракетинде. Кой багууну жан-дили менен каалайт, сүйөт жана жактырат. Ошондон уламбы, баккан кою дайыма бирдей семиз. Ушундай аракети менен коюн чыгашасыз асырайт. Алардан алган жүнү да арбын. Бул жагынан эл алдында берген убадасын ар-намыстуулук менен аткарып, дайыма абийирге ээ. Мал чарба адистери да анын ишине ишенимдүү карашат.

Акырында балдарымдын кенжеси, «көкүрөк күчүгүм» — кызым Күмүш. Өзүм узак жылдардан бери жайлап келе жаткан, коомдук койдун өсүшүнө өбөлгө түзгөн Күмүш жайлоосунда төрөлгөндүктөн, анын атын Күмүш койгонбуз. Ошентип, Күмүш кызым өзүм менен бирге, коомдук койду багышып, жардамчы чабандык милдетти ишкердүүлүк менен аткарууда. Кой өстүрүүдө ысык-суугуна бирдей карап, татаал кесипке тике диттеп, аны ардактуу кесипке айландыруунун аракетинде

чын ыкласы, бардык мүмкүнчүлүгү менен эмгектенип келе жатат. Ал да чабан болуудагы келечегинен көптү үмүттөндүрүүдө. Жаштардын бактысы, да, жашоосу да, келечеги да алдыда эмеспи. Ошондуктан кызым Күмүш да өзүмдүн жолум менен коомдук койду өстүрүүдө өзүнүн басымдуу салымын кошот деген үмүттөмүн. Үмүт деген — жакшы нерсе. Азыркы канаттуу заманыбыз жакшы үмүттөрдү ордунан чыгарып, жакшылыкка айландырууга ар дайыма эле себепчи болуп келе жатпайбы. Ооба, заманыбыз жалпы элдики, калктын жыргалчылыгы, эмгекчилердин келечеги үчүн жаралган. Келечек болсо, жаштарга таандык. Замандын ээси да жаштар эмеспи. Алар уулдарым: Айты, Абакир, Төлөн менен кызым Күмүш сыяктуу өлкөбүздүн миллиондогон армиясын түзүшөт.

Мына, биздин үй-бүлөнүн чабандык династиясы. Эми бир үй-бүлө өзүбүз туулуп өскөн Базар-Коргон районундагы Фрунзе атындагы колхоздун төрт короо коюн багып, аны өстүрүп жатабыз. Биздин чабандык династиянын жупуну эмгеги колхоздук түзүлүштү чыңдоого жана байытууга себепчи болууда. Ал — миңдеген колхозчулардын коомго кошкон сан байлыгынын бир гана тамчысы. Тамчыдан ташкын, ташкындан көл жаралат го.

Мен буларга сыймыктанамын, кубанамын жана кайраттанамын. Антпегендечи, чоңойткон уул-кыздарым оорумду колдон, жеңилимди жерден алып, колумду узартып, максатымды ишке ашырып, кесибимди улантып, коом ишин аткарып жатканга миң мертебе ыраазы болсоң, анан кантип толкунданбай коё аласың. Ушулардын баары — өсүп-өнүккөн жана

гүлдөгөн заманымдын тартуулаган ырыскысы. Сүйүктүү Коммунисттик партия менен бир тууган Совет өкмөтүнүн аталык камкордугунун натыйжасы. Партиялык жана өкмөттүк ошол камкордуктарга биротоло курчалган мен өзүм да, тогуз ай толгонуп, он ай көтөрүп чоңойткон балдарым да түбөлүк ырыскылуу. Көп балалуу эне катары мамлекеттик эң сонун камкордукка курчалып, жалгыз бойлукту билбей, сегиз баланы энелик мээримимди төгүп чоңойттум. Алардын адам болушуна, кулкмүнөздөрүнүн калыптанышына советтик мектеп, андагы педагогдор жардамга келишти. Мен чабандык кесибим менен ардакталсам, көп балалуу эне катары да кадыр-баркка баткан, камкордукка курчалган советтик жөнөкөй аялмын, так ушуларга сыймыктанам жана кубанамын!

КПССтин XXV съездиндеги отчеттук докладында жолдош Л. И. Брежнев айыл чарба эмгекчилеринин эмгегин баалап: «Дыйкандар жана малчылар партиянын агрардык саясатын турмушка ашыруу үчүн күрөштүн алдыңкы чектеринде болуп келишкен жана боло беришет. Алардын эмгеги жеңил эмес, алар таң заарынан кач карайганга чейин иштешет. Айыл-кыштак эмгекчилерине чоң ыракмат деп айтуу үчүн биздин бардыгыбызда, партияда жана элде чоң негиздер бар. Алдыда турган чыныгы эбегейсиз зор милдеттерди орундатууда аларга съезддин атынан ийгиликтерди каалоого уруксат этиңиздер!»— деп айткан. Бул биздин күндөлүк өндүрүшүбүздө дайыма колдонмо болууга тийиш.

## МАЗМУНУ


Кой чарбасы—коомдук байлык . . 5

«Кой семизи койчудан» . . . . . . . . 12

Жайлоонун көркү мал менен . . . . . . . 23

Өндүрүштүк натыйжалар . . . . . . . . 27

Биздин чабандык династия . . . . . . . . 41

БИБЛИОТЕЧКА ПЕРЕДОВИКА СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННОГО ПРОИЗВОДСТВА

*Айнек Жусупова*

К НОВЫМ ВЫСОТАМ

**(На киргизском языке)**

Издательство «Кыргызстан»

**Редактору М. Ы. Ыбышев**
**Көркөмдөгөн В. Жуков**
**Көркөм редактору Н. К. Таранов**
**Тех. редактору Р. Я. Ревенко**
**Корректору Б. Самиева**
**ИБ № 1306**

**Терүүгө 28.12.1979-ж. берилди. Басууга 7.4.1980-ж. кол коюлду. Д—02109. Кагазы типографская № 1. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×90$^{1}/_{32}$, 1,5 физ. басма табак, 1,755 шарттуу басма табак, 1,613 учеттук табак. Тиражы 2000. Заказ № 6. Баасы 5 т.**

**«Кыргызстан» басмасы**
**720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү 170**

**Кыргыз ССР Министрлер Советинин Чарба башкармасынын басмаканасы.**
**Иваницын жана Карпинский көчөсүнүн бурчу.**